# БҮБҮСАРА БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИ

## Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын №6 протоколу

Бишкек шаары 2023-жылдын 31-марты

Катышкандар: Окумуштуулар Кеңешинин — 28 мүчөсүнөн, 26сы катышты.
Төрага: ректор, филология илимдеринин кандидаты, доцент Т.Р. Колдошов
Катчы: Ч.К. Жумалиева

Колдошов Т.Р. — Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Окумуштуулар Кеңешинин курамынын 28 мүчөсүнөн 26сы катышты, Г.Алымкулова декреттик өргүүдө, Маматкулов А.А. ооруп жатат. Кворум бар, кимде кандай сунуш бар. Баштай берели деген сунуш түштү (келүү барагы тиркелет).
«Макул» — 26.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинде 4 маселе, алар (күн тартиби тиркелет):

1. Университеттин 2023-2024-окуу жылына кирүү экзамендерин жана маркетингдик иш-чараларын уюштуруу жана даярдоо жөнүндө Иш планы тууралуу.
(Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы).
2. Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурстук шайлоо. (Илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректор, Окумуштуулар Кеңешинин катчысы, кадрлар бөлүмүнүн башчысы).
3. Атуулдук стипендия тапшыруу.
4. Ар түрдүү маселелер.

Күн тартиби менен бирге Регламентти 10 мүнөт, суроо-жоопту 3-5 мүнөт жана жарыш сөздү 3-5 мүнөт деп бекитип алсак туура болот деп ойлоп турам, кандай сунуш бар?
«Макул» — 26.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.
Окумуштуулар Кеңеши өз ишин күн тартибин жана регламентти бекитүү менен баштады. (Бир добуштан бекитилди).

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин биринчи суроосуна өтөлү.

1. Угушту: Университеттин 2023-2024-окуу жылына кирүү экзамендерин жана маркетингдик иш-чараларын уюштуруу жана даярдоо жөнүндө Иш планы тууралуу. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы К.К. Джакыпов сүйлөдү (планы тиркелет).

Колдошов Т.Р. — Рахмат, Кубатбек Куланчиевич! Суроолор болсо берсеңиздер.

Шейшеналиев Э.Ш. — Жылда профориентацияны региондордо дагы өткөрчү элек, быйыл кандай өткөрөбүз?

Джакыпов К.К. — Быйыл Чуй областында өткөрөбүз, ал эми башка райондордо каражатка карайбыз.

Колдошов Т.Р. — Рахмат! Толуктоо катары айтып кетейин. Быйыл Ош областында биздин окуу жайга бардык адистиктерге кабыл алганга өзүнчө комиссия ачсак деп турам. Андан сырткары онлайн-форматта дагы бул ишти алып барсак болот. Региондордогу профориентация иши тууралуу каражатка карайбыз. Дагы бир айта кетчү нерсе, бардык 1-курстун студенттерине контракттын төлөмү сентябрь айынан 26 360 сомду түзөт.

Кабыл алуу комиссиясына кошумчаңыздар болсо айтыңыздар. Кубат Куланчиевич жакшы иштеп бериңиздер. Рахмат.

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин экинчи суроосуна өтөлү. Конкурстук шайлоо. Сөздү Кубат Куланчиевич Джакыповго берейин.

2. Угушту: **Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурстук шайлоо.** Илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректор Джакыпов К.К. сүйлөдү.

Джакыпов К.К. — Бүгүнкү Окумуштуулар Кеңешине «**Музыка жана ырдоо**» кафедрасынын доцентинин м.а. **А.Алымбаева** документтерин өткөрдү, бирок материалдары толук жасалбагандыктан кабыл алган жокпуз.

Колдошов Т.Р. — Урматтуу кесиптештер, Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы катары конкурстук шайлоону апрель айынан токтотуп, сентябрь айынан баштайлы, анткени көптөгөн документтер туура болбой жатат. Сентябрь айынан буш ишти тактап жандандырышыбыз керек. Ал үчүн критерийлерди иштеп чыгалы. Бул нерсени сунуш катары айтат элем.

Турумбаева Ч.М. — Кубат Куланчиевич, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын жаңы Жобосу чыгат экен, ошону тактап берсеңиздер жакшы болот эле.

Дагы бир айта кетчү нерсе биздин арабызда көп жылдан бери эмгектенип келген, бирок мамлекеттик сыйлыктарды албай калган эжей, агайларыбыз бар, аларга биздин окуу жайдын доцентинин милдетин аткаруучу деген наамды калтырып эле койсок жакшы болот эле.

Колдошов Т.Р. — Мөөнөтү бар агай, эжейлерибизди колдойбуз. Вакансияларды тактап чыгалы жана 5 жылга төлөнгүдөй кылсак жакшы болмок.

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин үчүнчү суроосуна өтөлү.

3. Угушту: **Атуулдук стипендия тапшыруу.** Ректор Т.Р. Колдошов сүйлөдү.

Колдошов Т.Р. — Бүгүнкү Окумуштуулар кеңешинде бизде конокторубуз бар. Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген ишмери, профессор Өзбек Абдылдаевич Абдылдаевдин жубайы Мира Молдогазиева эжебиз келип отурат. Өзбек Абдылдаевич өзү 51 жыл иштептир. Ректордун милдетин аткарып иштеп жаткан кезде биздин институтту университет кылганга көп күчүн жумшап иштеген. Агайыбыздын жубайы Мира Молдогазиевна Атуулдук стипендия тапшырганга келди. Биринчи сөздү биздин агайыбыз Калдыбек Нурматович Нурматовго берейин.

**Нурматов К.Н.** — Өзбек Абдылдаевич ишине абдан так адам болгон, андан сырткары педагогикалык ишмердиги, ошондой эле окуу куралдарды жазып чыгарышы жалпы музыкалык окуу жайларга керектүү окуу куралдар болуп калды. Биздин окуу жайга Өзбек Абдылдаевичтин эмгеги чоң, биз аны баардыгыбыз билебиз жана баалайбыз. Мира Молдогазиевна сизге дагы чоң ыраазычылык билдирем, сизге ден-соолук, ишиңизге ийгилик каалаймын. Сиз кыздарыңыз менен жасап жаткан ишиңиз биздин жамаатка абдан маанилүү.

**Колдошов Т.Р.** — Өзбек Абдылдаевичтин өзүнүн мектеби бар десек болот, анткени ушул жерде окуп, ушул окуу жайды бүтүрүп кеткен бүтүрүүчүлөрдүн асты Эмгек сиңирген ишмерлер жана эң жөнөкөйлөрү окутуучу болуп эмгектенишет. Агайдын үй-бүлөсүнө терең ыраазычылык билдиребиз, ошондой эле жаңы корпус курулса агайдын өзүнчө кабинетин кылганга аракет кылабыз. Сөздү Мира Молдогазиевнага берейин.

**Урманбетова М.М.** — Добрый день, уважаемые члены Ученого совета. Для нас сегодня очень важный день. Мы сегодня пришли вручить стипендии талантливым и одаренным студентам. Өзбек Абдылдаевич проработал здесь более 50 лет, он всегда стремился улучшить учебный процесс, процесс воспитания, а также качество образования. Он радовался успехам студентов, которые достигали вершин в своей деятельности. Он выпустил много статей и учебных пособий на кыргызском языке, которыми сейчас пользуются студенты средних и высших музыкальных учебных заведений. Эта стипендия учреждается в честь памяти Өзбек Абдылдаевича.

Выражаем большую благодарность ректору Түмөнбай Рахмановичу Колдошову от нашей семьи, особенно от дочери Жылдыз Абдылдаевой. Разрешите вручить стипендии в размере 200 долларов 3 студентам университета:

1. Алдабекова Зуура, студентка 4 курса кафедры «Оркестровое дирижирование».
2. Казыбеков Жээнбек, студент 5 курса, кафедры «Традиционной музыки и фольклора».
3. Бактыбекова Айсалкын, студентка 3 курса, кафедры «Музыки и пения».

Поздравляю Всех, желаю дальнейших успехов в учебе. Также хотим подарить в Вашу библиотеку последнее учебное пособие Өзбек Абдылдаевича.

**Колдошов Т.Р.** — Рахмат! Конкурс жакшы өттү, лауреаттардын бирине сөз берип коелу.

**Казыбеков Жээнбек** — Биз сиздерге терең ыраазычылык билдиребиз, мындан ары дагы окуубузду жакшы улантып ийгиликтерге жеткенге аракет кылабыз. Бул стипендия биз үчүн чоң мотивация болду десек жаңылышпаймын, сиздерге чоң ырахмат!

**Иманкулова Н.С.** — Өзбек Абдылдаевич был очень грамотным специалистом. интеллигентным человеком. Мира Молдогазиевна выражаем Вам благодарность, желаем крепкого здоровья и успехов. Вы основали такую стипендию мы Вам благодарны. А наших студентов я поздравляю!

**Колдошов Т.Р.** — Рахмат! Сөздү «Музыка» факультетинин деканы, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Самат Батыркулович Көчөрбаевге берейин.

**Көчөрбаев С.Б.** — Конкурс боюнча айтсам, 300 студент катышты, анын ичинен 3 студентибиз татыктуу болушту. Конкурстук комиссиянын башында илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректорубуз Кубат Куланчиевич

Джакыпов агайыбыз турду, бардыгы калыс өттү. Мен Өзбек Абдылдаевичтин үй-бүлөсүнө терең ыраазычылык билдирем.

**Урманбетова М.М.** — Эта стипендия будет присуждаться каждый год. Спасибо руководству за поддержку.

**Колдошов Т.Р.** — Мира Молдогазиевна сизге терең ыраазычылык бидиребиз.

**Колдошов Т.Р.** — Күн тартибинин төртүнчү суроосуна өтөлү.

4. **Ар түрдүү маселелер: Биринчиси** — Өндүрүштүк зарылчылыка байланыштуу «Хор дирижерлугу» жана «Оркестр дирижерлугу» кафедралары бириктирилип «Хор жана оркестр дирижерлугу» кафедрасы болду (буйруктун көчүрмөсү тиркелет).

«Хор дирижерлугу» кафедрасын Нурматов К.Н. жетектеп келген, агайдын макулдугун берди, бирок сентябрь айында кайра ачабыз, эгерде кабыл алуу жакшы болсо.

**Экинчиси** — Кызматка дайындоо боюнча:

1. «Оркестр жана хор дирижерлугу» кафедрасынын башчысы болуп **Чолпон Мукашевна Турумбаева** бекитилди (буйруктун көчүрмөсү тиркелет).
2. «Режиссура жана актердук чеберчилик» кафедрасынын башчысы болуп **Кундуз Турдубековна Макеева** 2023-жылдын 1-апрелинен тартып убактылуу дайындалды (буйруктун көчүрмөсү тиркелет).
3. **«Музыка жана ырдоо»** кафедрасынын башчысынын м.а. болуп **Догдурбай Усенович Урмамбетов** бекитилди (буйруктун көчүрмөсү тиркелет).
4. **«Кино»** кафедрасынын башчысы болуп **Нурдин Бакытович Карагулов** 2023-жылдын 1-апрелинен тартып үч ай сыноо мөөнөтү менен дайындалды (буйруктун көчүрмөсү тиркелет).
5. **«Телеберүү жана радио уктуруу режиссерлугу»** кафедрасынын башчысы болуп **Күлчоро Урматович Нурсейитов** 2023-жылдын 1-апрелинен тартып дайындалды (буйруктун көчүрмөсү тиркелет).

**Үчүнчүсү — Алкыш жарыялынышы боюнча №107 буйрук. (буйрук тиркелет).**

Ага ылайык: Көп жылдан бери үзүрлүү эмгектенип, педагогикалык чеберчилигн көрсөтүп, искусство жана маданият тармагындагы көптөгөн жогорку квалификациялуу адистерди окутууга жана тарбиялоого, университеттин илимий-чыгармачылык, интеллектуалдык потенциалынын өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, оркестр жана Хор дирижерлугу кафедрасынынын доценти Калдыбек Нурматович Нурматовго жана Кино кафедрасынын башчысы, доценттин м.а. Асипа Абдыкадыровнага эмгек китепчесине жазуу менен алкыш жарыялансын.

Негизи: Окуу иштери боюнча проректорК.К. Тулобердиевдин билдирүүсү.

**Төртүнчүсү** — «Музыка жана ырдоо» кафедрасынын башчысынын м.а. **Догдурбай Усенович Урмамбетов** агайыбызга Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук Аттестациялык комиссиясынан **«Доцент»** илимий наамын алгандыгы тууралуу документи келди. Биз Сизди куттуктайбыз!

**Урмамбетов Д.У.** — Баардыгыңыздарга терең ыраазычылык билдирем.

**Колдошов Т.Р.** — Эмгегиңизди баалагандары жакшы болду, Сизди куттуктайбыз.

**Бешинчиси** — Сырттан окуу, квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо факультетинин деканы **Мурзали Төлөнович Жеенбаевден** билдирүү түшкөн, ага ылайык бул факультетти «Сырттан окуу жана дистанттык билим берүү» факультети деп аталышын өзгөртүүнү өтүнүп жатат (билдирүү тиркелет).

Бул билдирүүгө ылайык **«Сырттан окуу, квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо»** факультетинин аталышын **«Сырттан окуу жана дистанттык билим берүү»** факультети деп өзгөртүп бекиткенге добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 26
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

**Алтынчысы** — Окуу бөлүмүнүн башчысы **Мээрим Белековна Асангазиевадан** билдирүү түшкөн, ага ылайык адистердин жетишсиздигине байланыштуу негизги штаттык тизимден тышкары 200 саатка чейин профессордук-окутуучулук курамга сааттык төлөмдүн негизинде иштөөгө уруксат берүүнү суранып жатат (билдирүү тиркелет).

Бул билдирүүгө ылайык негизги штаттык тизимден тышкары 200 саатка чейин профессордук-окутуучулук курамга сааттык төлөмдүн негизинде иштөөгө уруксат берүү тууралуу сунушту бекиткенге добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 26
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

**Абдыкадырова А.А.** — Бул маселе чечилбей эле келе жатат, мурун 1,75 ставка болчу, ал эми азыр аны 1,5 ставкадан ашпаш керек деген боюнча иштеп жүрөбүз. Ушуну 1,75 кылсак болобу?

**Колдошов Т.Р.** — Бул маселени тактап жатабыз. Кат жазып жөнөттүк. Андан сырткары Министрлик менен 1,75 ставка тууралуу жана бюджеттик төлөмдү 1,8ден 2,4 кө көбөйтүп берүүнү суранып жатабыз.

**Жетинчиси** — Тарбия жана чыгармачылык иштер боюнча проректору **Асель Алымкуловна Турдалиевадан** билдирүү түшкөн, ага ылайык окуу жайдын жатаканасында санитардык нормасы талапка жооп бербегендигине байланыштуу декандар, кафедра башчылары жана окутуучулары графике ылайык нөөмөткө тургузууга уруксат берүүнү өтүнөт (билдирүү жана график тиркелет).

**Турдалиева А.А.** — Жатаканада 64 бөлмө бар, анын ичинен 32 бөлмө 3 орундук, ал эми 32 бөлмө 2 орундук. Жатаканада кыздарды бир этажка, ал эми балдарды 1 этажка бөлгөнү менен, көйгөй болбой эле көп, эң негизгиси бул студенттердин жашоосу өтө начар, санитардык абалы, жүрүм-турумдары дагы өтө начар. Мурунку жумада санитардык-гигиеналык абал тууралуу адистерди чакырып лекция өтүлгөн, бирок студенттер тарабынан жыйынтык жок. Студенттик кеңеш начар иштейт экен. Ошондуктан ушул маселеге көңүл буруп графике ылайык жатаканадагы ишти жүргүзсөк жакшы болот эле. Рахмат.

**Көчөрбаев С.Б.** — Система болбосо болбойт. Тарбиячы барбы, бар, бүлдүрүү канча жолу бердик, жооптуу киши бул ишти аткарыш керек.

**Колдошов Т.Р.** — Бул билдирүүгө ылайык окуу жайдын жатаканасында санитардык нормасы талапка жооп бербегендигине байланыштуу декандар, кафедра башчылары жана окутуучулары графике ылайык нөөмөткө тургузууга уруксат берүү тууралуу сунушту бекиткенге добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 26
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Сегизинчиси — Окуу иштери боюнча проректор Калыбек Кемелович Тулобердиевден билдирүү түшкөн, ага ылайык бир семестрде 60 сааттан ашык себепсиз сабак калтырган күндүзгү бөлүмдүн студенттерин окуудан четтетүүнү өтүнөт (билдирүү тиркелет).

Колдошов Т.Р. — Бул билдирүүгө ылайык бир семестрде 60 сааттан ашык себепсиз сабак калтырган күндүзгү бөлүмдүн студенттерин окуудан четтетүү тууралуу сунушту бекиткенге добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 26
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Тогузунчусу — Эркин Шайлообекович Шейшеналиев Профсоюздун отчетун тапшырды, Максат Черикбаевич Кыштобаевди бекиттик. Коллективдик келишимди иштеп чыгып, анан бекитебиз. Ал жерде бардык нерселер киргизилиши керек. Чогулушта айтылган Ысык-Атадагы жер тууралуу юридикалык жактан бардыгы такталса, менин оюмча университеттин балансында тура бергени жакшы болот.

Онунчусу — Зарылкан Апиевна Джолдошбекованы Ардагерлер кеңешинин төрайымы кылып чогулушта бекиткенбиз. Ал эми Гульмира Бексултановна Жакиеваны Этика кеңешинин төрайымы кылып чогулушта бекиткенбиз.

Он биринчиси — Грифке жиберүү боюнча, илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректордун өтүнүчтөрү түштү, аларга ылайык «Салттык музыка жана фольклор» кафедрасынын доцентинин м.а. С.Б. Көчөрбаевдин:

1. «Улуу мурас-2» деп аталган антологиялык жыйнагы (кыргыз тилинде) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлиги аркылуу маданият жана искусство боюнча жогорку жана атайын орто окуу жайларында окуган студенттер жана жалпы окуучулар үчүн окуу-методикалык кошумча колдонмосу катары жөнөтүүгө жана басып чыгарууга сунуш бар.
2. «Улуу мурас-2» деп аталган ноталык хрестоматиясы (кыргыз тилинде) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлиги аркылуу маданият жана искусство боюнча жогорку жана атайын орто окуу жайларында окуган студенттер жана жалпы окуучулар үчүн окуу-методикалык кошумча колдонмосу катары жөнөтүүгө жана басып чыгарууга сунуш бар.

Урматтуу кесиптештер бул окуу-методикалык кошумчаларды Билим берүү жана илим министрлигине Грифке жөнөткөнгө добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 26.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Каралган маселелер боюнча чечимдер менен тааныштырууга уруксат берсеңиздер.

1. Университеттин «Сырттан окуу, квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо» факультетинин аталышы «Сырттан окуу жана дистанттык билим берүү» факультети деп өзгөртүлсүн.
2. Университеттин негизги штаттык тизимден тышкары 200 саатка чейин профессордук-окутуучулук курамга сааттык төлөмдүн негизинде иштөөгө уруксат берилсин.

3. Университеттин жатаканасында санитардык нормасы талапка жооп бербегендигине байланыштуу декандар, кафедра башчылары жана окутуучулары графике ылайык нөөмөткө тургузулсун.
4. Университеттин күндүзгү бөлүмүнүн студенттери бир семестрде 60 сааттан ашык себепсиз сабак калтырса окуудан четтетилсин.
5. Университеттин **«Салттык музыка жана фольклор»** кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу **Самат Батыркулович Көчөрбаевдин «Улуу мурас-2»** деп аталган **антологиялык жыйнагы (кыргыз тилинде)** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлиги аркылуу маданият жана искусство боюнча жогорку жана атайын орто окуу жайларында окуган студенттер жана жалпы окуучулар үчүн **окуу-методикалык кошумча колдонмосу** катары жөнөтүлсүн жана басып чыгарууга сунушталсын.
6. Университеттин **«Салттык музыка жана фольклор»** кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу **Самат Батыркулович Көчөрбаевдин «Улуу мурас-2»** деп аталган **ноталык хрестоматиясы (кыргыз тилинде)** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлиги аркылуу маданият жана искусство боюнча жогорку жана атайын орто окуу жайларында окуган студенттер жана жалпы окуучулар үчүн окуу-методикалык кошумча колдонмосу катары жөнөтүлсүн жана басып чыгарууга сунушталсын.
7. Бул чечимдердин аткарылышы кадрлар бөлүмүнүн башчысына, «Сырттан окуу жана дистанттык билим берүү» факультетинин деканына, окуу бөлүмүнүн башчысына, окуу иштери боюнча проректорго, күндүзгү бөлүмдөгү факультеттин декандарына, тарбия жана чыгармачылык иштери боюнча проректорго, илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректорго жүктөлсүн.

Добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 26
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Урматтуу кесиптештер, ушуну менен бүгүнкү Окумуштуулар Кеңешин жыйынтыктадык, сиздерге ийгилик каалаймын!

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы,
ректор, филология илимдеринин
кандидаты, доцент — Т.Р. Колдошов

Окумуштуулар кеңешинин катчысы — Ч.К. Жумалиева